Министерство
образования и науки
Кыргызской Республики

ЦИДП
Центр исследования демократических процессов

Финансируется

# БАЛДАРГА КАРАТА СЕКСУАЛДЫК ЗОМБУЛУКТУ ТҮШҮНҮҮ

*Зомбулуктун аныктамасы, түрлөрү, калп элестетүүлөр, зыяндары жана алдын алуу*

- ***Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму (БДССУ) баланын үстүнөн жасалган сексуалдык зомбулукту мындайча сыпаттайт***
- *бул баланы ал маанисин толугу менен түшүнбөгөн, маалыматтык макулдук бере албаган, өзүнүн өнүгүү деңгээлине дал келбеген, даярдыгы жок жана мыйзамдарды, коомдогу социалдык эрежелерди бузган сексуалдык активдүүлүккө тартуу.*
- *Сексуалдык зомбулук* ***сексуалдык, дене бойлук жана психологиялык*** *зыяндарды алып келет.*
- *Сексуалдык зомбулуктан кийин* ***жардам көрсөтпөө жана реабилитация кылбоо*** *баланын кийинки бардык жашоосуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.*

***Баланын үстүнөн жасалган сексуалдык зомбулук*** *– баланы сексуалдык аракеттерге тартууга алып келген, аны атайылап манипуляциялоо, ошол эле учурда чоң адам же болбосо, жашы улуу өспүрүмдүн сексуалдык канааттануу алуу же кандайдыр бир башка пайда көрүү максатында баланы колдонуусу*



# Бул зомбулуктун түрүнө кирет:

- *бала менен жыныстык акты, анын ичинде инцест (жакын кандаш туугандардын ортосундагы жыныстык байланыш);*
- *баланын жыныстык органдары менен мануалдык, оралдык, гениталдык же башка бардык дене бойлук байланыштар;*
- *баланын жыныстык органдарына предметтерди киргизүү;*
- *баланы порнографиялык максатта же сойкулукка тартуу үчүн сексуалдык эксплуатациялоо;*
- *баланы сексуалдык жактан стимуляция кылуу максатында эротикалык же порнографиялык материалдарды демонстрациялоо;*
- *баланын көзүнчө жыныстык акты жасоо;*
- *жылаңач гениталийлерин, төшүн же жамбаштарын балага көрсөтүү (эксгибиционизм);*
- *интимдик процедураларды баланы каратып туруп кылуу (вуайеризм), ошондой эле баланы чечинүүгө мажбур кылуу.*
- *баланы порнобизнеске тартуу.*

**Өспүрүм курагындагы никелер жана ала-качуу – бул баланын үстүнөн жасалган сексуалдык, психологиялык, дене бойлук зомбулук болуп эсептелет**

- Кыргызстандагы 2018-жылы жүргүзүлгөн Мультикласстердик изилдөөнүн көрсөткүчтөрүнө ылайык, 15 жаш куракка толгонго чейин күйөөгө берилген кыздардын саны 6 миңге жеткен, жана 160 миңден ашуун кыздар 18 жаш куракка толгонго чейин күйөөгө чыгууга мажбур болушкан.
- БУУнун Калкты жайгаштыруу фонду, 2015-жылы 3, 5 миллион бала, алардын көпчүлүгү кыздар 18 жаш курагына толгонго чейин нике курушкандыгын, алардын ичинен 4,4 миллиону ал тургай 15 жаш куракка толбой никеге турушкандыгын билдирген.
- Дүйнө жүзүндө күн сайын 37 миңге чукул балдар никелери курулат.

«Кыргызстандагы өспүрүм курагындагы никелер» видеосун көрсөтүү

https://www.youtube.com/watch?v=W4-arR7i4RY

# Балдар никелери – жалпы дүйнөлүк трагедия.

- Балдар никелеринин дагы бир залакасы - **кыздардын жана алардан төрөлгөн балдардын ден соолуктарына коркунучтардын жаралышы.**
- Ошондой эле, Кыргызстанда 20 жашка чейинки аялдардын арасында жаңы төрөлгөн ымыркайлардын өлүмүнүн көрсөткүчү, 20 жаштан 30 жашка чейинки аялдардын категорияларына салыштырганда эки эсеге жогору.
- Жыйынтыгында, өспүрүм жубайлар көпчүлүк учурда өздөрүнүн менталдык, дене бойлук жана репродуктивдик потенциалдарын толугу менен ишке ашыра алышпайт.

## Бала курагында сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткандардын чоң адам болгон кезде пайда болгон терс зыяндары:

✓ *Ден соолугун жоготуу*

- *Депрессия, суицид жасоого аракет кылуу;*
- *Кийинки жашоосундагы сексуалдык мамилелеринде көйгөйлөрдүн болушу;*
- *Үй-бүлөлүк мамилелеринде көйгөйлөрдүн пайда болушу;*
- *Ичимдикке жана баңгизаттарына берилүү;*
- *Өз кадырын баалоонун төмөндүгү жана өздүк потенциалынын ачылбай калуусу.*

Зыяндары **кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү болушу мүмкүн,**
окуя болгондон кийин дароо же кийин, кечирээк пайда болушу мүмкүн.

1. *Чоң адамдар тарабынан сексуалдык зомбулукка негизинен өспүрүмдөр кабылышат –* ***ЖОМОК***

***<u>Факт</u> – сексуалдык зомбулук бала бөбөк кезинде дагы жасалышы мүмкүн. Мектепке чейинки жаш курактагы балдар дагы тобокелчиликтүү топ болуп эсептелишет. Ар түрдүү изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, анын ичинде 2013-жыл үчүн Серб институтунун жана ар түрдүү америкалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, зомбулукка көпчүлүк учурда 14 жашка чейинки балдар кабылышат.***



## 3. Зомбулукка көпчүлүк учурда социалдык жактан жетишпеген үй-бүлөлөрдүн балдары кабылышат - ЖОМОК

**Факт –** Чындыгында ал ар бир үй-бүлөдө, анын ичинде жакшынакай жетиштүү үй-бүлөдө дагы орун алышы мүмкүн. Үй-бүлөлүк зомбулук өзүнчө бир социалдык топтор же калктын айрым бир катмарлары менен чектелбейт. Ал билим деңгээли жана кирешеси жогорку үй-бүлөдө дагы орун алышы мүмкүн. Сыртынан жетиштүү сезилген үй-бүлөлөр баланын коопсуздугунун кепилдиги болуп эсептелбейт. Балага карата үй-бүлөлүк зомбулукту үй-бүлө эмес, конкреттүү адамдар жасашат.



4. Балдарга зомбулук жасаган адамдарды таануу жеңил. Балдарга карата зордуктоону (бачабаздыкты) бир гана каардуу адамдар же акылы кем, психикалык жактан оорулуу адамдар жасашат - ЖОМОК

- **Факт** – чындыгында көпчүлүк учурда зомбулукту өздөрүнүн чыныгы жүздөрүн «жакшы жана нормалдуу» адамдын бет кабын кийген адамдар жасашат.
- Көпчүлүк адамдар зомбулук жасаган адам деп кир кийимчен селсаяк адамды, ичимдикке берилген адамды элестетишет. Реалдуулукта болсо алар сырткы келбети кадимкидей эле, ал тургай көрүнүшү жакшы адамдар дагы болушу мүмкүн.



5. Балдар ойдон чыгарууга бай, алар көп фантазиялашат, ошондуктан сексуалдык зомбулук жөнүндө жөн гана ойдон чыгаруулары мүмкүн - ЖОМОК

**Факт** – балдардын фантазиялоого жөндөмдүүлүгү алар сексуалдык мазактоолор жөнүндө фантазиялап жатышат дегенди түшүндүрбөйт. Бул темада ойдон чыгаруу үчүн балдардын чоң адамдардагы сексуалдуулук жөнүндө билим деңгээлдери жетпейт. Өзгөчө мектепке чейинки, кичинекей жана орто мектептик жаш курактагы балдар, эрежеге ылайык сексуалдык байланышуу же асылуу процесстерин майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөп берүү үчүн адамдын физиологиясынын, интимдик мамилелеринин бардык өзгөчөлүктөрүн билишпейт.

